# document

**От:** no-reply@shailoo.gov.kg
**Отправлено:** понедельник, 5 апреля 2021 г. 12:07
**Кому:** document@shailoo.gov.kg; jaloba@shailoo.gov.kg
**Тема:** Обращение на сайте ЦИК

Тип обращения: Даттануу / Жалоба
Адресат: БШК / ЦИК
IP-адрес: 89.237.192.24
Дата получения: Апрель 5, 2021, 12:07 п.п.

------------

Автор: Токторалиева Орозкан
Регион: Ош облусу
ТИК: None
Адрес: 723317, Ош облусу, Кара-Суу району, Кызыл-Кыштак айыл аймагы, Кызыл-Байрак айылы Номер телефона: 0778 493908
Email: 86vm@bk.ru

Сообщение:
КР БШК төрайымы Н.К. Шайлдабековаге

723317, Ош облусу, Кара-Суу району, Кызыл-Кыштак айыл аймагы, Кызыл-Байрак айылынын тургуну Токторалиева Орозкандан (тел. 0778 493908)

АРЫЗ КР Президенти С.Н. Жапаров Коопсуздук Кеңешинде КР Өкмөтүнө, Башкы Прокурорге, УКМКге, ИИМге, БШКге жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине шайлоону мыйзамдуу жана адилеттүү өткөрүү боюнча тапшырмалар берген. Бирок, Кара-Суу району КР Президентине баш ийбейби, шайлоо ото ыплас өтүп жатат.

1. "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын талаптарына ылайык агитациялык материалдар чыгарууда мыйзам бузуулар катталса, депутаттыкка талапкерлер каттоодон чыгарылат.

Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл аймагынын "Курманжан датка" шайлоо округунан депутаттыкка талапкерлигин койгон Халматов Бахадир, Бегматов Шерзодбек, Рахимов Иззатилло "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын талаптарын одоно бузуп мыйзамсыз агитациялык материалдар чыгарып, таркатышкан. Себеби Халматов, Бегматов, Рахимов мыйзамдуу агитматериалды аз эле тиражда чыгарып, өздөрү түстүү ксерокопиядан миңдеген нуска менен мыйзамсыз агитматериал чыгарышып мыйзамсыз агитматериалдарды таркатып жүрүшөт. Бирок, Кара-Суу АШК чара корбой жатат.

2. 28 февраль 2021 ж. Ош шаарында реваншисттик күчтор тарабынан Президентибиздин коррупцияга каршы күрөшүү мамлекеттик саясатына каршы "Матраимовго боштондук" ураань менен митингтин уюштуруучусу Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин жепжутаты, КР ЖК депутаты Искендер Матраимовдун коомдук кеңешчиси Бахадир Халматовго мыйзамдуу чара коруу жөнүндө укук коргоо органдарына кайрылганмын. Себеби Б.Халматов ошол митингге өзбек туугандарга акча берем деп алып барган. Ошол митингте кыргыз жана өзбек туугандары арасында чыр-чатак чыгып, провокация болуп кетсе, ким жооп берет? Митинг уюштуруучусу Б. Халматов Өзбекстанга качып кетет, себеби анын 2 уулу, аялы Өзбекстан жарандары, Өзбекстанда жашап, үйлөрү бар. Бирок, бектер кетип, эл калат. Ошондуктан провокатор Б. Халматовду тез аранын ичинде камоо керек эле. Себеби, Ошко тынчтык керек. Бирок, ушул күнгө чейин пандемия убагында мыйзамсыз митинг уюштурган Б.Халматов кылмыш жоопкерчилигине тартылган эмес. укук коргоо жана мамлекеттик органдар Б.Халматовго окшогон провокаторлорго чара коруп, алдын ала уюштуруу иштерин алып баруусу керек. Бирок, аларды дагы провокатор Б.Халматов: "Артымда Матраимовдор кланы турат"-деп коркутуп алганбы, чара коро албай жатышат.

3. Б.Халматовдун ЖОЖ жасалма дипломy боюнча укук коргоо органдарына кайрылганмын. Бирок, 03-134-2021-000028 сандуу кылмыш иш алкагында КР УКМК борбордук аппаратына өткөрүп, Халматов Бахадирдын дипломдорун, документтерин Өзбекстан Башкы Прокуратурасына суроо-талап жөнөтүлгөн жок. КР ЖК депутаты И.Матраимовдун коомдук кеңешчиси Б.Халматов: "Менин артымда Матраимовдор кланы турат, мага мыйзам иштебейт"-деп бизди шылдындап, КР Президенти С. Жапаровдун кылмышкерлер менен күрөшүү мамлекеттик саясатына карапайым калк арасында ишенбөөчүлүк жаратып жатат.
4. Матраимовдор кланынын жардамында жазасыз калган Б.Халматов Президенттин таза шайлоо өткөрүү ташырмасына түкүрүп, №65 Сабиров атындагы мектеп мугалимдерин, УШК мүчөлөрүн кафеде чай берип: "Матраимовдун тапшырмасы, ушул талапкерлер өтүшү керек"-деп мыйзамсыз тапшырма берип жатат. Мектеп мугалимдери 2 апрельден баштап ар бир класс жетекчилери ата-энелер чогулуштарын өткөрүп, Б.Халматов айткан талапкерлерге мыйзамсыз үгүт жүргүзүп жатышат.
5. Б.Халматов №106 Айбек атындагы мектеп мугалимдери жана УШК мүчөлөрүно кафеде чай берип: "Матраимовдун тапшырмасы, ушул талапкерлер өтүшү керек"-деп мыйзамсыз тапшырма берип жатат.
6. Б.Халматов шайлоочуларды добуштарын мыйзамсыз сатып алуу максатында кафелерде чай берип, көмүскө акча эсебинен каржылап, мыйзамсыз добуш сатып алып жатат.
7. Үчүнчү революцияга себепкер болгон Жогорку Кеңешке шайлоо убагында добуш сатып алуу Кызыл-Кыштакта эбегейсиз, масштабдуу болду. Коррупционер Матраимовдордун "Мекеним Кыргызстан" партиясы Кыргызстан боюнча Кызыл-Кыштакта аномалдуу жогору 91 пайыз көрсөткүчү катталган. Добуш сатып алуу үчүн Капаров элдин жерлерин сатып, каржылаган. Б.Халматов эбегейсиз масштабдуу акча таратып, Матраимовдор жардамында кылмыш жоопкерчилигине тартылбай калгандыктан, жергиликтүү кеңешке шайлоо убагында шайлоочуларга көмүскө акча эсебинен кафелерде чай берип, добуш сатып алууну коздоп жатат. Себеби укук коргоо органдары Б.Халматов акча таратса дагы, фактар тастыкталбады деп кылмыш иштерди жаап жашырууга мажбур. Себеби Б.Халматов аларды: "Менин артымда Матраимовдор кланы турат, мага мыйзам иштебейт"-деп прокурорлорду, УКМКны шылдындап, КР Президенти С. Жапаровдун таза шайлоо өткөрүү мамлекеттик саясатына карапайым калк арасында ишенбөөчүлүк жаратып жатат.
Жогоркулардын негизинде Сизден суранабыз:
1) Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл аймагынын "Курманжан датка" шайлоо округунан депутаттыкка талапкерлигин койгон Халматов Бахадирди, Бегматов Шерзодбекди, Рахимов Иззатиллони "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын талаптарын одоно бузуп өздөрү түстүү принтерде мыйзамсыз агитациялык материалдар чыгарып, таркаткандыгы үчүн депутаттыкка талапкерлер тизмесинен каттоосун жокко чыгаруунузду.
2) Пандемия убагында мыйзамсыз митинг уюштурган провокатор Б.Халматовду кылмыш жоопкерчилигине тартуунузду.
3) 03-134-2021-000028 сандуу кылмыш ишти КР УКМК борбордук аппаратына өткөрүп, Халматов Бахадирдын дипломдорун, документтерин Өзбекстан Башкы Прокуратурасына суроо-талап жөнөтүүнүздү, Б.Халматовдун дипломун жасалма экендигин тастыктап, Халматовду кылмыш жоопкерчилигине тартуунузду.
4) №65 Сабиров атындагы мектеп директору Д. Усмановaны иштен алып, мектепте мыйзамсыз үгүт иштерин алып барууну уюштурган Б. Халматовду депутаттыкка талапкерлер тизмесинен каттоосун жокко чыгаруунузду.
Эгерде Б.Халматов кылмыш жоопкерчилигине тартылбаса, депутаттыкка талапкерлер каттоосунон жокко чыгарылбаса, мыйзамдуу талаптарыбыз аткарылбаса, биз Матраимовдордун куйруктары тарабынан добуш сатып алынган, ото ыплас өткөн шайлоо жыйынтыктарын тааныбайбыз жана мөөнөтүз митинг өткөрүүгө уруксат берүүнүздү суранабыз.

Депутаттыкка талапкерлер: Токторлаиева Орозкан

Мирзакаримова Гулнара, 5 апрель 2021 ж.